**БҮГҮНКҮ КҮНДӨГҮ ЭЛ АРАЛЫК ЭКОНОМИКАЛЫК ИНТЕГРАЦИЯНЫН КОНЦЕПТУАЛДЫК ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ**

**АКЫНАЛИ ФАХРЕТТИН**
*И.Арабаев атындагы КМУнун аспиранты*

Макалада регионалдык эл аралык интеграцияны өнүктүрүүнүн, анын ичинде айрым мамлекеттер аралык түзүмдөрдү өнүктүрүүнүн илимий концепциясынын теориялык маселелери каралат жана ал концепцияларды иштеп чыгуу бүтүндөй дүйнөлүк экономикада болуп жаткан өзгөрүүлөрдүн анализинин контекстинде жүрүү керектигине басым жасалат.

Мындай концепцияны иштеп чыгууну проблеманын өз маңызын бирдей эмес мааниде түшүнүү кыйындатат, анткени расмий документтерде жана илимий адабиятта долбоорлор да, программаларда концепция деп аталып жүрөт. Ал эми концепция, мурда белгилегендей, - бул жыйынтыктары теориялык жактан ар тараптуу негизделген илимий документ. Белгилүү бир долбоорлор жана программалар, алардын эл аралыктарыдагы, ошого таянып түзүлүш керек. XXI кылымда регионалдык интеграциялык түзүмдөрдүн, ошого кирген Евразиялык экономикалык уюмдун (ЕврАзЭУ) да, өнүгүү багыттарын негиздегенде, төмөнкүлөр чечүүчү мааниге ээ болот: а) эл аралык эмгекти бөлүштүрүү жана өз ара ишмердикти алмашуу системаларындагы өзгөрүүлөргө илимий баа берүү; б) чарбалык турмуштун транснационалдык жана интернационалдык процесстеринде эл аралык экономикалык интеграциянын ордун жана ролун так аныктоо (системдүү анализ жолу менен); в) глобалдык экономиканын этаптарына жана анын карама-каршылыктарына критериалдык баа берүү; г) дүйнөлүк экономиканын башкаруу системаларында жана менчиктик мамилелеринде келечекте болуучу өзгөрүүлөрдү негиздөө; д) дүйнөлүк экономиканын конкреттүү региондорундагы интеграциялык процесстерге мүнөздөмө берүү.

Биздин цивилизациянын азыркы стадиясында илимдин алдына коюлган суроолорго жооп берүү аракети жасалганда гана ЕврАзЭУ нун XXI кылымдагы өнүгүү концепциясы жаралат десе болот.

**Эл аралык эмгекти бөлүштүрүү – интеграциялануу шартындагы өндүрүштүн негизги формасы**.

Дүйнөлүк экономикада глобалдашуу тенденцияларынын өнүгүшү менен коомдук өндүрүштүн формасында акырындап кардиналдуу өзгөрүүлөр жүрөт. Мындай шартта эл аралык регионалдык интеграцияны тереңдетүүнүн илимий концепциясына ылайык мазмундун жашоо ыкмасы катары эсептелген форма жөнүндө теориялык жактан элестетип кароого да туура келет.

Улуттук жана дүйнөлүк экономиканын өнүгүү проблемаларын изилдөөчүлөр баса белгилегендей, эмгекти бөлүштүрүү XVIII-XIX кылымдарда эле коомдун ичинде жана ар бир өзүнчө ишкананын ичинде дайыма өндүрүштүн негизги формасы түрүндө болуп келген. Ошого ылайык өндүрүштүн мазмундук жагындагы аналитикалык баалары эмгекти бөлүштүрүүнүн жалпы эле экономикалык өнүгүүдөгү, ошону менен бирге бүгүнкү күндөгү экономикалык өнүгүүдөгү ордун жана ролун ачыктаганда гана туура болушу мүмкүн. Улуттук жана дүйнөлүк экономикадагы эмгекти бөлүштүрүү деген, биринчиден, өндүрүштүн техникалык жана уюштуруучулук шартын түшүндүрөт, экинчиден, эмгектик миграцияны да божомолдоп, эмгекти профессионалдуу бөлүштүрүү катары болот, үчүнчүдөн, өз ара ишмердикти алмашууга негиз болуп, ушундай сапаттары менен эмгек өндүрүмдүүлүгүнө, эмгектин жана өндүрүштүн техникалык жана технологиялык абалына чечкиндүү таасир берет.

Ушуну менен эле бирге эмгекти бөлүштүрүү жана өз ара ишмердикти алмашуу бири-бирине канчалык байланышып турса да, алар окшош түшүнүктөрдөн эмес экенин баса белгилөө керек. Эмгекти бөлүштүрүү деген анын адистешүүсүн мүнөздөйт. Ишмердиктин, ошонун ичинде эл аралык ишмердиктин да, биринчи кезекте кооперация түрүндөгүсүн алмашуу ошонуну негизинде пайда болот, бирок жеке өзү эмгекте айырмачылыкты жарата лабайт. Өндүрүштөгү кооперация эмгекти бөлүштүрбөгөн жөнөкөй кооперация катары улуттук экономикада да, дүйнөлүк экономикада да өнүгө алат. Ошондуктан ишмердикти алмашууну "эмгекти бөлүштүрүү" деген түшүнүккө кошуунун өзү методологиялык жактан туура эмес. Эл аралык эмгекти бөлүштүрүүнү изилдегенде муну эске албаса, тышкы соода алмашуусундагы өзгөрүүлөрдүн баары эл аралык эмгекти бөлүштүүрүүдөгү өзгөрүү катары негизсиз каралып калат. Алмашуудагы өзгөрүүлөр өндүрүштөгү жана эл аралык эмгекти адистештирүүдөгү өзгөрүүлөр менен анча деле көп байланышпайт, ал айрым бир динамиканын натыйжасы болуп эсептелет.

Андан ары уланталы. Өндүрүштүн негизги формасы болуп жаткан эмгекти, ошондой эле эл аралык эмгекти, бөлүштүрүү биринчилик, экинчилик жана үчүнчүлүк өндүрүштүк мамилелерди

анализдегенде гана туура бааланышы мүмкүн. Бул, ошондой эле, дүйнөлүк экономиканын каалаган регионунун эл аралык интеграциясынын өнүгүү концепциясын иштеп чыга турган изилдөөлөрдүн өзгөчө тармагы.

Негизи "улуттук" жана эл аралык өндүрүштүк мамилелердин структурасы бир топ татаал. Анда тигил же бул, атап айтканда, интеграциялык, чарбалык системалардын нукура белгилерин аныктай турган **биринчилик** мамилелерге менчиктик макмилелер кирет. Ошол жеке менчик, өздүк, коллективдүү, мамлекеттик, эл аралык менчиктердин структурасынын өзгөчөлүгүнө биринчи кезекте улуттук жана эл аралык экономикадагы калган баардык мамилелер көз каранды болот. **Экинчилик** өндүрүштүк мамилелерге өз ара экономикалык алмашуулардын бардык формаларын киргизүүгө теориялык анализ жол берет. Аларга ички жана эл аралык соодалык, натуралдык алмашуу, кооперацияга, конкуренцияга тийешелүү маалыматтарды алмашуу, башкаруу мамилелеринин, ошонун ичинде пландуулук мамилелеринин чегинде жүргөн алмашуу түрүндөгү мамилелер кирет. Бул мамилелердин баары **биринчилик** өндүрүштүк мамилелер менен шартталган жана адамзат цивилизациясынын бардык өнүгүү стадияларындагы өндүрүштүн мазмунун ошолор менен биргеликте мүнөздөйт. Ошол эле учурда алар өндүрүштүн формасына, атап айтканда, эмгекти бөлүштүрүү түрүндөгү **үчүнчүлүк** өндүрүштүк мамилелерге түздөн түз көз карандылык абалда турат. Ушулардын акыркылары, бир жагынан, **экинчилик** өндүрүштүк мамилелердин өнүгүшүн аныктайт жана белгилүү деңгээлде менчиктин структурасына да таасир берет, экинчи жагынан – менчиктик мамилелердин жана өз ара ишмердикти алмашуунун соодалык, маалыматтык, кооперациялык, конкуренттик, башкаруучулук формаларындагы өзгөрүүлөрдүн тааасиринде болот.

Евразиялык экономикалык уюмдун өнүгүүсүнүн илимий концепциясын иштеп чыгарда XIX кылымдын 50-жылдарында ушундай маселеге байланыштуу жасалган илимий жыйынтыктарды эстеп кетүү анча деле ашыктык кылбайт. Атап айтканда, К.Маркстын 1857-1858-жылдардагы экономикалык кол жазмаларынан окуп көрөлү: "**Экинчилик** жана **үчүнчүлүк**, жалпы эле туундулук, которулма, адатка айланбаган өндүрүштүк мамилелер. Мында ролду эл аралык мамилелер ойнойт."(К.Маркс, Ф.Энгельс.Соч. 2-е изд. Т.12,С. 735).

Биздин көз карашыбызда, "эл аралык түз байланыш", "эл аралык кооперация", "эл аралык товар алмашуу" деген түшүнүктөргө чек коюу методикалык маселелердин катарында өзгөчө мааниге ээ болот, анткени "түз байланышты" келишим боюнча жүргүзүлгөн соода менен, кооперациялык мамилелер менен окшош деп билүү азыркы шартта интеграциялык процесстерди өнүктүргөнгө, бирдей мааниде деген бааны алганга мүмкүнчүлү бербейт. Эл аралык түз (тикеден тике) байланыш деген – бул барып –келип ишмердикти өз ара маалыматтык алмашуунун көрүнүшү, эл аралык интеграцияны тереңдетүү боюнча маселени чечүүдө ишке аша турган ушундай алмашуунун өзгөчө формасы, айрым өлкөлөрдүн интеграциялык кызматташтыгынын эң маанилүү факторлорунун бири. Түз байланыштын структурасына төмөнкүлөр кирет: өз ара илимий-техникалык, экономикалык, саясий маалымат; мамлекеттер аралык, ведомстволор аралык, корпоротивдик деңгээлде (эл аралык жолугушууларда, кеңешмелерде, конференцияларда, эл аралык уюмдарда, эл аралык өндүрүштүк бирикмелерде ж.б. биргелешкен чечимдерди даярдоо; эл аралык тажрыйбаларды алмашуу. Алар эл аралык соодага, кооперацияны, эл аралык кызматташтыкты өнүктүрүрүү, башкаруу мамилелерине кызмат көрсөтөт жана так ушундай сапаты менен атайын илимий жана практикалык кызыгууну туудурат.

Эл аралык түз байланышты соодалык жана кооперациялык мамилелерге окшоштуруу глобалдык маалыматтык экономикалык системага өтүү учурунда калыптана турган эл аралык өндүрүштүк (өндүрүштүк эмес да) кызматташтыктын татаал комплексин анализдөөнү кыйындатпай койбойт. Өндүрүштүн формасындагы өзгөрүүлөр жана дүйнөлүк экономикада өз ара ишмердикти алмашууда ошолор менен шартталган өзгөрүүлөр илимий-техникалык прогресстин таасири астында жүрөт жана өлкөнү индустриалдык жактан өнүккөн жана өнүкпөгөн, индустриалдуу жана агрардуу деп бөлгөн улуттук экономика тармактар аралык адистешүүдөн, ички тармактык эл аралык адистешүүгө (деталь-деталь жана технологиялык) өткөндүгү менен мүнөздөлөт. Мындай өтүү – дүйнөлүк чарбаны калыптандыруучу процесс. Бул бир топ биримдиктүү жана ошол эле мезгилде обочолонмо – мамлекеттик улуттук чарбалардын ортосундагы өз ара ишмердикти алмашуунун бир топ татаал системасы.

Анын алдында айрым өлкөлөрдө эмгекти бөлүштүрүүнү өнүктүрүүнүн негизинде улуттук чарбалардын калыптануу процесси жана тармактар аралык эл аралык эмгекти бөлүштүрүүнүн жана эл аралык сооданы өнүктүрүүнүн негизинде дүйнөлүк экономиканын орун алуусунун биринчи этабы болуп өттү. Бул процесс тигил же бул даражада бирдиктүү глобалдуу экономикалык мейкиндиктин калыптануу этабына жетүүнү, биринчи кезекте, улуттук жана интернационалдык экономикалык

кызыкчылыктардагы карама-каршылыктарга байланыштуу татаалданат.

Мындай карама-каршылыктарды чечүүчү каражаттардын бири регионалдык эл аралык интеграция болуп эсептелет. Аны өнүктүрүүнүн илимий концепциясын, анын ичинде айрым мамлекеттер аралык интеграциялык түзүмдөрдү өнүктүрүүнүн концепциясын иштеп чыгуу бүтүндөй дүйнөлүк экономикада болуп жаткан өзгөрүүлөрдүн анализинин контексинде жүрүү керек.

Эл аралык экономикалык интеграцияны жалаң улуттук экономикадагы өзгөрүүлөрдүн алкагында анализдеген илимдин келечеги жок, анткени ал улуттук чарбалардын жакындашуусун, биригип жана кошулуп кетүүсүн (келечектеги тарыхты), бирдиктүү экономикалык территориясы, ошондой эле эл аралык (бүткүл дүйнөлүк) малыматтык экономикасы бар мамлекеттер аралык экономикалык шериктештиктин пайда болушун жана өнүгүп кетишин проблема катары аныктоого боло турган маселени илимий изденүүнүн чегинен тышкары калтырат.

**Колдонулган адабияттар:**


К.Макрс,Ф.Энгельс. Сочинение. 2-ое издание.Т.12. с.735

Чыналиева М. Становление и развитие кыргызско-турецких отношений // URL:*bizdin.kg/elib/jurnaldar/vik/2009_1/4inalieva.doc*

ii. См.: Вахитова Г. А. Взаимодействие стран Центральной Азии с Турецкой Республикой (начало 1990-х – 2009 гг.): Автореф. дис. … канд. полит.наук. – Бишкек, 2011.

iii. Двусторонние отношения Кыргызстана и Турции / Посольство КР в Турции // URL:http://www.kyrgyzembassy.org.tr/html/iliskiler_ru.htm

iv. Кыргызстан в мировом сообществе / Кафедра истории, культурологи и рекламы КРСУ // URL:http://www.history.krsu.edu.kg/index.php?option=com_content&task=view&id=479&Itemid=73&limitstart=7